**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

**ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.07.16.528 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК 951/959(575/2):297

**АЛИМОВА КЛАРА ТОЙГОНБАЕВНА**

# Эгемендүү Кыргызстандагы ислам дининин өнүгүшү жана анын өзгөчөлүктөрү (1991-2014-жж.)

Адистиги: 07.00.02 Ата Мекен тарыхы

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2018**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тарых жана маданий мурас институтунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** **т.и.д., профессор Осмонов Ө.Дж.**

**Расмий оппоненттер:** **т.и.д. профессордун м.а. Усупова Н. С.**
**т.и.к., доцент Шеров Ш. Б.**

**Жетектөөчү мекеме:** **К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Кыргызстандын жана Чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы**

Диссертациялык иш 27.02.2018 саат 14:00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тарых жана маданий мурастар институту жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы тарых илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 07.16.528. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги:.., Бишкек ш., И.Раззаков көчөсү, 51а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 27.01.2018 таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору** **Н.У. Курбанова.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** СССРдин дүйнөлүк саясий аренадан кетиши жаңы мамлекеттердин пайда болушуна алып келген. Бирок мурдагы союздук республикалардын ортосундагы тыгыз экономикалык, маданий байланыштардын үзүлүшү эң ири масштабдагы кризистик кырдаалды жараткан. Мамлекеттик идеологиянын жоюлушу, коомдогу деградация, социалдык проблемалардын курчушу ж.б. коомду руханий жактан жаңылоо маселесин чечүүнү талап кылган. Мындай шартта Борбордук Азия республикаларында, анын ичинде Кыргызстанда да ислам дини жанданып, өз таасирин бекемдей баштаган. Бирок бир эле мезгилде өлкөнү реформалоо шартында элге жат болгон бир катар чет элдик диний секталар да өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзө башташкан. Бул болсо өз кезегинде коомдун руханий абалына терс таасир тийгизген. Ошондуктан ислам дининин баалуулуктарын коомдо жандандыруу бүгүнкү күндүн негизги талабы болуп саналат.

XXI к. «ислам ренессансы», «исламдын дүркүрөп өнүгүшүнө” окшогон көрүнүштөр дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура баштады.

Жогоруда айтылгандардан сырткары ислам мамлекеттеринин дүйнөлүк саясаттагы ролунун өсүшү, радикалдык исламдын күч алышы ж.б. факторлор аталган проблеманы маанилүүлүгүн жогорулатууда. Акыркы мезгилдердеги Ливия, Египет, Сирия, Палестина, Түркиядагы ири окуялар да ислам фактору менен түздөн-түз байланышкан.

Кансыз согуштун аякташы дүйнөлүк масштабда жаңы проблемаларды жаратты. Алардын катарына: терроризм, экстремизм, фундаментализм ж.б. коркунучтарды киргизсе болот. Мунун баары бир топ шарттар менен түшүндүрүлөт. Батыш мамлекеттеринин европоцентристтик саясаты, дүйнөлүк байлыктарды туура эмес бөлүштүрүү, неоколониялдык саясат, чыгыш мамлекеттерин басмырлоо, аларга батыштын баалуулуктарын, жашоо мүнөзүн таңуулоо ж.б. жогоруда айтылган терс көрүнүштөрдүн пайда болушун шарттады.

Мындай кырдаалда диний экстремизм жана фундаментализмди болтурбоо проблемасы биринчи орунга чыкты.

Аталган маселенин өнүгүү тенденцияларын талдоо жана терең окуп үйрөнүү бүгүнкү күндүн негизги талабы болууда.

Республикадагы социалдык-саясий кырдаалга терс таасир тийгизип жаткан ар түрдүү исламдык радикалдык топтордун жана экстремисттик уюмдардын ишмердигинин күчөшү да маселенин маанилүүлүгүн тастыктап турат.

**Диссертациялык иштин максаты** эгемендүүлүктүн шартындагы Кыргызстанда ислам дининин абалын жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү. Бул максатка жетүүдө төмөнкү **милдеттер** коюлду:

- Эгемендүү Кыргызстандагы исламдын орду жөнүндөгү маселени методологиялык жана теориялык жактан изилдөө;
- Постсоветтик мезгилдеги исламдын Борбордук Азия аймагында илимий өнүгүү өзгөчөлүгүн изилдөө;
- Кыргызстандагы исламдын кайра жаралышынын өзгөчө факторлорун илимий денгээлде ачып берүү;
- Республикадагы исламдын өнүгүшүнүн негизги тенденцияларын жана анын социалдык-саясий процесстерге тийгизген таасирин илимий негизде аныктоо;
- Кыргызстандагы ислам багытындагы радикалдык кыймылдардын ишмердигинин маңызын, саясатташуусунун өзгөчөлүктөрүн, коомго тийгизген коопсуздугун иликтөө;
- Даават процессинин коомчулукка тийгизген таасиринин негативдүү жана позитивдүү жактарын ачып берүү;
- Кыргыз Республикасындагы коомдогу диний абалдын туруктуулугун камсыз кылуу, жана ошондой эле коомдун ар түрдүү катмарларынын арасында диний консенсусту камсыз кылуу жолдорун сунуштоо.

**Коргоого алынып чыккан негизги жоболор:**

- Бүгүнкү ислам социалдык-маданий, ааламдашуу процесстеринин негизинде тилдик, уруулук жана аймактык өзгөчөлүктөрдү четке каккан, кээ бир улуттук каада-салттарды өзүнө сиңирген коомдук өзгөчө көрүнүш;
- Азыркы учурда өлкөнүн социалдык-саясий чөйрөсүндө исламдын таасири өзгөчө күч алууда, ал коомдун кайсы гана катмарында болбосун өзгөчө баалуулуктардын калыптанышында жана элдердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салууда чоң роль ойноодо;
- Ислам саясий процесстерге да өзгөчө таасир тийгизүүчү чоң күчкө, ошондой эле, өзгөчө жаштардын арасында тез жайылган процесске айланды;
- Республикадагы ислам фактору бир эле учурда коомду турукташтырууда, ошондой эле кандайдыр бир дестабилдештирүүдө дагы өзгөчө күчкө айлана турган феномен болууда;
- Борбордук Азиядагы мамлекеттердин ичинде Кыргыз Республикасында радикалдык кыймылдардын ишмердүүлүгүнүн жанданышы күч алууда;
- Өлкөдө исламдын жайылышы менен бирге даават кыймылынын орду өзгөчө болууда.

**Изилдөөнүн объектиси** постсоветтик Кыргызстандагы ислам дининин абалынын өзгөчө спецификалык орду болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** республикадагы исламдын кайра жаралуу процесстери менен бирге анын көйгөйлүү маселелеринин чордону эсептелинет.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздерин** таанып билүүнүн объективдүүлүк, тарыхый чындык, тарыхый салыштырмалуу, детерминизм, системалык маанилүү эрежелери түздү. Бул методологиялык ыкмаларга таянып, тарыхый өнүгүүдөгү өзгөрүүлөрдү эске алып, алардын ортосундагы байланыштарды жана бири-бирине болгон таасирин табууга аракет жасалды. Тарыхый фактылар, материалдар жана теориялык жоболор талдоо, салыштыруу ыкмасы аркылуу жыйынтыкталып, ар түрдүү диний ырым-жырымдардын, түшүнүктөрдүн, ишенимдердин, ислам дининдеги агымдардын өз ара байланышы, алардын өнүгүү баскычтары изилденди.

Аталган проблеманы иликтөөдө тарыхый-салыштырмалуулук анализ ыкмасы колдонулду, алар өз кезегинде эмгектин теориялык-методологиялык негизин түзөт. Ал Кыргызстандагы исламдын өнүгүү этаптарын жана анын негизги тенденцияларын иликтөөгө мүмкүндүк берди. Ошондой эле, эмгекте исламдын кыргыз коомунун социалдык-саясий жашоосундагы ордун ачып берүүдө системалык-структуралык анализ ыкмасы колдонулду.

Автор өз эмгегинде объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптерин жетекчиликке алууга аракет жасады.

**Изилдөөнүн негизги булактары.** КРнын президентинин жарлыктары, Өкмөттүн токтомдору, Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын учурдагы архивинин жана республиканын саясий документтер боюнча мамлекеттик архивинин материалдары илимий изилдөөдө кеңир пайдаланылды. КМШ өлкөлөрүнүн жана кыргызстандык окумуштуулардын эмгектери аталган маселени иликтөөгө көмөк болду. Андан сырткары изилдөөдө ата мекендик жана чет элдик мезгилдүү басма сөз материалдары, интернет ресурстары пайдаланылды.

**Эмгектин жаңылыгы:** эгемендүү Кыргызстандагы исламдын абалы, өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү, анын ролу жана орду илимий денгээлде системалаштырылып, комплексттүү түрдө ачып берилди.

Постсоветтик мезгилдеги мамлекет менен исламдын ортосундагы мамилелердин өзгөчөлүгү тарыхый жактан изилденип, коомдун ар кандай өнүгүү этаптарындагы исламдын өзгөчө орду илимий жактан чагылдырылды. Эгемендүүлүктүн шартында ислам чөйрөсүнүн реформаланышы илимий таризде каралып, баа берилди. Ошондой эле тарыхый жактан өлкөдөгү диний кайра жаралуунун натыйжасында пайда болгон радикалдык агымдардын ишмердигинин маңызы ачып берилди жана ислам дининин абалы, анын коомдук турмушка тийгизген таасири хронологиялык негизде каралып, алардын өзгөчө маңыздары илимий, тарыхый жактан далилденди. Исламды таратуудагы даават процессинин

таасири, орду жана анын позитивдүү жана негативдүү жактары ачып берилди. Өлкөдө диний абалдын туруктуулугун камсыз кылуу, жана ошондой эле коомдун ар түрдүү катмарларынын арасында диний консенсусту камсыз кылуу жолдору сунушталды.

**Изилдөөнүн хронологиялык алкагы.** Аталган эмгек 1991-2014-жж. өз ичине камтыйт, анткени бул мезгилде ислам дини кайрадан калыптанып, өнүгүп, коомдук турмушта таасирдүү күчкө айлана баштаган.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий эмгектеги материалдарды жана анын жыйынтыктарын окуу процесстеринде, тарых, саясат, дин таануу, ислам таануу, ж.б. предметтер боюнча илимий эмгектерди жаратууда, окуу-усулдук куралдарын иштеп чыгууда пайдаланса болот. Андан сырткары, Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылаштырылган эмгектерди жазууда, атайын курстарды окууда колдонсо болот. Андагы илимий сунуштарды республиканын дин иштери боюнча мамлекеттик мекемелери, адистери пайдалана алат.

**Эмгектин апробацияланышы.** Илимий изилдөөнүн негизги тыянактары илимий-практикалык конференцияларда маалымдалган, андан сырткары ата-мекендик жана чет элдик басылмалаларда он сегиз макала жарык көргөн. Анын ичинен экөө чет элдик, жетөө ата мекендик РИНЦке кирген журналдарда жарыкка чыккан.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыгы.** Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тарых жана маданий мурастар институтунун Кыргызстандын XX-XXI кк. тарыхы бөлүмүнүн жыйынында талкууланып, коргоого сунушталды.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Эмгек киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Иштин киришүү** бөлүмүндө теманын актуалдуулугу белгиленип, анын изилденүү деңгээли, изилдөөнүн объектиси, предмети, иштин максаты жана милдеттери аныкталды, изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негиздери, илимий жаңылыгы, диссертациянын практикалык мааниси жана апробацияланышы көрсөтүлдү.

**I Бап Кыргызстанда ислам дининин орду жөнүндөгү маселесинин теориялык-метологиялык проблемалары** деп аталат. Анын биринчи параграфында изилденип жаткан **изилдөөнүн методологиялык-теориялык багыттары** иликтөөгө алынган. Адамзат тарыхынын өнүгүүсүнүн бардык этаптарында дин маселеси актуалдуу болуп келген. Азыркы учурда дүйнөлүк масштабда ислам дининин тез жана динамикалуу жайылуусу коомдо жаңы тенденцияларды пайда кылып, ага болгон кызыгуу күчөөдө.

1990-жж. Борбордук Азия республикаларынын эгемендүүлүккө ээ болуусунун натыйжасында ислам дини өнүгүүгө ээ болгон. Аймактын бардык республикаларында элдерге дин тутуу эркиндигин берген мыйзамдар кабыл

алынып, жаңы мечиттер салынып, медреселер ачылып, ислам багытындагы кыймылдар жана уюмдар пайда болгон. Постсоветтик мезгилде Борбордук Азия республикаларда ислам дининин өнүгүүсүндө кээ бир окшош тенденциялар менен бирге эле, бири-биринен кескин айырмаланган өзгөчөлүктөр бар экендигин байкадык. Исламдын кайра жаралуу процессиндеги окшоштуктарга дин тутуу эркиндигин камсыздаган жана диний ишмердүүлүктү жөнгө салууга багытталган мыйзамдар менен укуктук-ченемдик мыйзамдардын кабыл алынышы, мусулмандардын дин башкармалыгы түзүлүп, мамлекеттик-конфессиялык мамилелерди калыптандыруучу уюмдардын пайда болуусун атаса болот.

Азыркы учурда Борбордук Азия чөлкөмүндө бардык өлкөлөр үчүн негизги маселелердин бири – бул дүйнөлүк масштабдагы ислам фактору менен байланышкан диний радикализмге, диний экстремизмге жана терроризмге каршы туруу маселеси болуп саналат. Аймактагы исламдык фактор, коомдун бардык чөйрөсү тыгыз байланыштуу болгондуктан, бир жагынан коомдогу болуп жаткан окуялардан көз каранды болсо, экинчи жагынан ал коомдун бардык чөйрөлөрүнө өзүнүн таасирин тийгизип жатат. Андыктан, Кыргызстандагы исламдык факторду изилдөө – бул комплекстүү методологиялык жүрүштү талап кылган татаал процесс. Коомдун исламдык диний чөйрөсүн изилдөөдө тархый методдор кеңири колдонулду.

Эгемендүү Кыргызстандагы ислам дининин кайра жаралуусун, коомго жайылуусун, анын этаптары менен ордун изилдөөдө проблемалык-хронологиялык, тарыхый-генетикалык, институционалдык, структуралык-функционалдык, тарыхый-типологиялык, тарыхый-логикалык, системалык-статистикалык, тарыхый-салыштырмалуу талдоо жүргүзүү методдору колдонулду.

Тарыхый-генетикалык методду колдонуу тарыхый изилдөө менен тыгыз байланыштуу. Анын мааниси тарыхый жараяндагы чындыкты кезектештирип ырааттуу кароону талап кылуу менен бирге, тарыхый өнүгүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берүүгө мүмкүндүк берет. Бул ыкманы колдонуу менен эгемен Кыргызстандагы ислам дининин кайра жаралуусунун тарыхый шарттарын, анын кайрадан жандануусуна түрткү берген өбөлгөлөрдү аныктоо менен бирге, ислам дини коомдун бардык чөйрөлөрүндөгү болуп жаткан көрүнүштөр менен тыгыз байланыштуу экендигин аныктай алдык. Ал эми, институционалдык методдор республикада дин чөйрөсүн жөнгө салыптуруучу мамлекеттик органдардын пайда болуусун, мусулмандык диний кызмат мекемелеринин калыбына келтирилишин жана исламдык диний агымдардын калыптанышын ачып берүүдө колдонулду.

Проблемалык-хронологиялык методдор 1991-2014-жж. аралыгындагы Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуу, коомго жайылуу жараяныңдагы негизги мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана карама-каршылыктарды талдоого багытталып, ислам дининин калыптануусун этаптарга бөлүп кароодо пайдаланылды.

Тарыхый-типологиялык методдорду колдонуу исламдык диний кыймылдардын түрлөрүн аныктоодо жана исламдык уюмдардын функцияларын талдоого алууда колдонулду.

Тарыхый метод тарыхтагы өнүгүүнүн ырааттуулугу менен, ага тиешелүү болгон белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, алардын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөөгө багытталган. Изилдөөдө колдонулган тарыхый жана салыштырмалуу талдоо жүргүзүү методдору исламдык диний уюмдарды классификациялоого, исламдын борбордук жана регионалдык өнүгүү тенденциясын аныктоого, республикадагы исламдын эволюциясын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

Изилденип жаткан маселелердин негизги аспектилерин ачып берүүдө тарыхый-салыштырмалуу методунун орду олуттуу. Тарыхый-салыштырмалуу методун колдонбой туруп изилдөөнү жүргүзүү мүмкүн эмес.

**”Маселенин тарыхнаамеси жана булактары”** деп аталган экинчи параграфта жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк, ошондой эле ата мекендик изилдөөчүлөрдүн эмгектери талдоого алынды. Постсоветтик Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы ислам дини менен байланыштуу болгон маселелер изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген.

Борбордук Азияда исламдын таралышы жана өнүгүшү боюнча бир катар советтик белгилүү изилдөөчүлөр: Грюненбаум Г.Э., Бартольд В.В., Абрамзон С.М., Васильев Л.С., Ермаков И. ж.б. эмгектери чоң роль ойнойт [1.21, 1.9, 1.4, 1.18, 1.26]. Бирок алардын эмгектери өз доорунун идеологиясына ылайык жазылгандыктан, көптөгөн маселелерди ачып берүүдө бир жактуулукка жол беришкен.

Ислам фундаментализмин жана анын саясий аспектилерин ачып берүүдө ата мекендик жана чет элдик окумуштуулардын изилдөөлөрү пайдаланылды. Алардын арасында азыркы россиялык изилдөөчүлөрдүн: Игнатенко А.А., Жданов Н.В., Сюкияйнен Л., Косач Г., Наумкин В., Малашенко А. ж.б. эмгектерин өзгөчө бөлүп караса болот [1.27, 1.23, 1.39,1.62, 1.47].

Исламга жана мусулман дүйнөсүнө тиешелүү болгон маселелерди батыш окумуштуулары да Бжензинский З., Хантингтон С., Бенигсен А., Бернард Л., Фукуяма Ф. өз эмгектерниде изилдешкен [1.13, 1.83, 5.157, 5.158, 5.278]. Геосаясий мүнөздөгү бул эмгектерде диний фактордун бүткүл дүйнөлүк мүнөзү аныкталып, анын саясатташуусунан жаралган диний-саясий экстремизмдин, эл аралык терроризмдин орду кеңири изилденген. Борбордук Азиядагы азыркы окумуштуулар: Бабаджанов Б., Демидов С., Ниязи А.Ш., Бобохонов Р.С., Олимова С., Олимов М., Раджабов С.А., Жусупов С., З.Г. Джалиловдордун [5,153, 5.169, 5.161, 5.207, 1.71, 1.22] эмгектери да чоң мааниге ээ. Анткени алар аймактагы исламдын кайра жаралышын жана анын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, саясий исламдын пайда болуу себептеринин негизги аспектилерин ар тараптан карашып, коопсуздук маселеси, исламдык

радикализм менен экстремизмдин орду, ага каршы күрөшүү жолдору тууралуу иликтешкен.

Акыркы убакта Борбордук Азиядагы исламдын таасиринин күчөшүнөн улам ата мекендик окумуштуулар да, аймактагы саясий исламдын келип чыгышы жана өнүгүүсүнө байланышкан маселелер боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн [1.43, 5.147, 1.3, 5.186, 1.46, 5.146]. Алардын арасынан Курбанова Н., Абдырахманов Т.А., Маанаев Э.Ж., Абытов Б.К., Айдаркул К. сыяктуу окумуштуулардын эмгектерине басым жасоого болот. Абдырахманов Т.А. менен Идирисов М. биргеликте жазган монографияда учурдагы исламдын кайра жаралуу жана анын өзгөчөлүктөрү, исламдагы салттык жөрөлгөлөр, андан сырткары анын көйгөйлөрү кеңири чагылдырылган [1.3].

Борбордук Азияда исламдын жанданусу, түрдүү саясий, экстремисттик уюмдар жана алардын жарандык коомго тийгизген терс таасирлери тууралуу Киютин В. менен Акунов А. изилдешкен [5.183].

Н.У. Курбанованын эмгектеринде Кыргызстандагы исламдын кайра жаралуу процесси жана диний көйгөйлөрү так чагылдырылган. Экстремизм жана терроризм маселелерин изилдөөдө К. Айдаркулдун макалалары, ал эми өлкөдөгү диний кырдаалды иликтөөдө Б.К. Абытовдун макалалары чоң көмөк көрсөттү.

Бүгүнкү күндө ислам маселеси илимдин ар кайсы тармагында ар кандай өңүттө изилденип келет. Маселен, саясат таануучулар: Мирсаитов И.Э., Молдалиев О.А., Абдыраева Г.Р., Ботобеков У.Т., Гимазитдинов И.Р., Канаев А.Б., Козулаков Т.А., Нурдинова Ж.Т., Эсенаманова Н.С., Насретдинов Э. [5.195, 1.55, 1.14, 1.86, 1.63, 4.130, 4.126], тарыхчылар: Ормушев А.С., Осмонов Ө.Дж., Чотаева Ч., Ярков А., Шеров Ш.Б., Галиева З., Дюшенбиев С. [1.46, 5.269, 1.66, 1.88, 5.150, 4.138], Асланова И. [5.151] сыяктуу дин таануучунун, Малтабаров Б.А., Жоробекова Э.О. [1.150, 5.177] сыяктуу социологдордун, Абдылдаева Т.Ч., Тоголоков А.М., Шаршеналиев А.О. [5.143, 4.135, 4.136] сыяктуу философтордун эмгектеринде чагылдырылган.

Ч.Ж. Карасартованын эмгегинде республикадагы исламдык уюмдардын ролу, билим берүү системасы, өлкөдөгү этносаясий кырдаалга исламдын тийгизген таасири кеңири иликтенген [4.129].

Жалпысынан алганда, азыркы Кыргызстандагы исламдын өнүгүүсүнүн айрым аспектилери көптөгөн окумуштуулар тарабынан иликтенген, бирок исламдын өнүгүү тарыхы, азыркы абалы боюнча фундаменталдуу эмгектер аз. Бул маселе азыркы күндө ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылат.

Изилденип жаткан маселеге карата кеңири тарыхнаамалык талдоо жүргүзүүнүн негизинде постсоветтик мезгилде Кыргызстандагы ислам дининин өнүгүүсү, анын негизги өзгөчөлүктөрү азыркы мезгилге чейин илимий жактан атайын талдоого алынбагандыгын байкоого болот.

Изилдөөнүн булактык базасын КРнын Конституциясы [2.89], КРнын «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» мыйзамдары [2.90,

2.92, 2.94], Кыргызстандын диний чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын Концепциялары [2.96, 2.97], КРнын Президентинин Жарлыктары [2.101, 2.102], КРнын Жогорку Кеңешинин жана Өкмөттүн токтомдору [2.91, 2.93], КРнын Борбордук мамлекеттик архивден алынган совет мезгилиндеги материалдар [3.105, 3.106, 3.113], Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын [3.122], Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын учурдагы архивдик материалдары [3.123], мезгилдүү басма сөз каражаттарынан алынган маалыматтар түздү.

Каралып жаткан маселенин илимий жактан изилденүү деңгээлин талдоодо, жалпысынан анын жекече аспектилери кээ бир авторлор тарабынан изилденгендигине күбө болдук, бирок илимий талдоого алынган кеңири фактологиялык материалдардын, публикациялардын бар экендигине карабастан, бизди кызыктырган маселени ар тараптуу толук ачып көрсөткөн концептуалдык изилдөөлөр алигиче жокко эсе.

**“Кыргызстандагы ислам дининин ишмердиги” деп аталган экинчи** баптын биринчи параграфында **Борбордук Азиядагы ислам дининин өнүгүшүнүн тарыхый факторлору** каралды. Кыргызстанда ислам дининин таралуу жана бекемделүү процесси көп кылымды өз ичине камтыган. Бул тарыхый процесс Борбордук Азия аймагынын коомдук өнүгүүсүнө жана келечегине олуттуу таасирин тийгизген.

Кыргызстанда ислам дининин таралуу жана бекемделүү процесси VIII–XVIII кк. өз кучагына камтыйт.

Совет мезгилинде динге болгон кысым күчтүү болсо да ал элдин жашоосунда маанилүү ролду ойноп келген жана ислам маданияты жана искусствосу илимий изилдөөнүн объектиси катары сакталып кала берген. Исламдын классикалык искусствосунун айрым бир түрлөрү заманбап улуттук маданияттын бир бөлүгүнө айланган [1.50].

Динге негизделбеген мамлекетти куруу ислам маданий баалуулуктардын кайра жаралуусу менен айкалышууда.

Азыркы учурда Борбордук Азия аймагында ислам дини күчтүү өнүгүүгө ээ болуп, калктын коомдук-саясий турмушунда маанилүү ролду ойноодо.

Эгерде советтик мезгилде ислам дини коммунисттик идеологиянын негизинде басмырланып, анын тарапкерлери куугунтукталып келген болсо, эми СССР кулагандан кийин дин эркиндиги күчөп ислам толук кандуу өнүгүүгү ээ болду.

Бирок постсоветтик мезгилде БА республикаларында исламдын өнүгүшү бирдей нукта болгон жок. Ал бир катар факторлор менен түшүндүрүлөт. Мисалы, алгач БА ислам дининин чордону болуп келген Өзбекстанда саясий авторитардык режимге негизделген өкмөт терроризм, радикалдуу багыттар менен күрөшүү максатын биринчи орунга коюп, диндин кеңири өнүгүшүнө бөгөт койгон. Советтик саясатты толугу менен уланткан Өзбекстан диний проблемаларды басым аркылуу чече алган жок. Анткени калктын басымдуу бөлүгү ислам динин тутунушат жана өлкөнүн ар бир

жараны ислам дининин баалуулугун сактоого, шариат менен жашоого укуктуу. Бирок диний билим алуу, диндин эрежелери менен жашоо саясий мотивдер аркылуу четке кагылып келүүдө.

Кыргызстанда 1990-жж. баштап ислам дини кеңири өнүгүүгө ээ болду. Анын мыйзамдык негизи катары жарандардын дин эркиндиги эсептелинет. Мыйзам боюнча өлкөнүн ар бир жараны өз эрки менен каалаган динди тутуна алат. Бирок, республиканын калкынын басымдуу бөлүгү мусулмандар болгондуктан башка диндердин, секталардын, багыттардын жайылышын коомдогу терс көрүнүш катары бааласа болот.

Постсоветтик мезгилде Кыргызстан бир гана социалдык-экономикалык эле эмес, идеологиялык көйгөйлүү маселелерге кабылган. Исламдын саясий процесстерге аралашышы так ушул кризистик мезгилге дал келген.

Республикада пайда болгон чет элдик корлор, уюмдар ислам дининин кайрадан таралуусуна ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Ислам баалуулуктарын калыбына келтирүү, экономикалык жана саясий программаларды жүзөгө ашыруу мында негизги маселе болуп саналат [3.122].

БА өлкөлөрүнүн коомдук-саясий жашоосунда ислам фактору чоң мааниге ээ. Бирок аймактагы республикалардын жетекчилиги исламдын коомду бириктирүүчү күчкө айлануусуна жолтоо болуп келишкен. Алардагы саясий түзүлүш, мамлекеттик иштерди чечүүдө исламдык диний институттарды катыштырбоо анын таасирин чектөөгө алып келүүдө [1.71].

**“Кыргызстандагы диний кырдаал жана мамлекеттик диний саясат” деп аталган** экинчи параграфта республикадагы диний кырдаал жана өкмөттүн дин саясатынын негиздери иликтенет. Республикада жарандардын дин эркиндигин камсыз кылуу үчүн зарыл шарттар түзүлгөн. Конституцияга ылайык Кыргызстан укуктук, динге негизделбеген мамлекет [2.89] болгондуктан дин мамлекеттен ажыратылган жана өлкөдө диний негизде саясий партияларды түзүүгө тыюу салынган [2.89].

Эгемендүүлүктүн шартында Кыргызстанда адам укугун сактоо жана дин маселесинин чечилиши демократиялык негизде ишке ашкан.

1990-жж. баш ченинде республикада дин, мамлекеттик диний саясат маанилүү маселелерден болгон. КРнын Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия республиканын диний саясатын, анын диний уюмдар менен болгон мамилесин аныктап, жарандардын дин тутуу укугун камсыз кыла турган мыйзамдарды иштеп чыккан.

Мамлекеттин дин саясатын иштеп чыгууда жалпы эл аралык келишимдердин, макулдашуулардын негизги принциптерин, андагы маанилүү жоболорду эске алуу зарыл болгон, анткени ушул жагдай республиканы эл аралык коомчулукка биригүүсүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

1991-ж. 16-декабрда кабыл алынган “Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар” тууралуу КРнын мыйзамында [2.90] мамлекет менен диндин ортосундагы өз ара мамилелер жаңы укуктук негизде жүргүзүлө баштаган.

Өлкөнүн тарыхында биринчи жолу дин тутуу эркиндиги жарыяланып, диний коопсуздук мыйзамдын негизинде жөнгө салына баштаган. Аталган мыйзамга ылайык дин, диний уюмдар (диний корлор, борборлор, башкаруулар, диний окуу жайлар) мамлекеттин көзөмөлүнөн толук ажыратылган. Бул уюмдар өздөрү кабыл алган жоболордун негизинде башкармалыктарын, бөлүмдөрүн түзө баштаган. Андан сырткары дин кызматчыларын даярдоо максатында атайын окуу жайлар ачыла баштаган [3.122].

Мыйзам боюнча республиканын аймагында эч бир динге артыкчылык берилген эмес, бир эле мезгилде мамлекет диний конфессиялардын, уюмдардын ишмердүүлүгүнө кийлигишпейт жана каржылык жардамдарды көрсөтпөй тургандыгы айтылган. Эгерде алар тарабынан терс көрүнүштөргө жол берилген шартта диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салууга өкмөт укуктуу болгон.

Совет мезгилинде саясаттан четтетилип келинген диний кызматкерлер эми коомдун саясий турмушунда маанилүү ролду ойной баштаган. Андан сырткары дин кызматкерлери социалдык жактан да камсыздала баштаган [1.50].

Расмий маалыматтарга караганда Кыргызстанда 2 миң 158 диний бирикмелер, уюмдар иш алып барышат [3.122]. Ондогон эл аралык уюмдар кайрымдуулук, гуманитардык иштер менен алек болушат.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Кыргызстанга батыш мамлекеттеринен бир катар христиан миссионерлери келе баштаган. Алар ар кандай кайрымдуулук иштерди жасап коомчулукту өздөрүнө тартышкан. Бирок убакыттын өтүшү менен өлкөдөгү түрдүү секталар элдин биримдигине жана мамлекеттин бүтүндүүлүгүнө чоң коркунуч алып келген. Мисалы, кыргыз жаштарынын башка динге өтүүсүнүн натыйжасында үй бүлөлүк, туугандык, жамааттык жана этникалык чыр-чатактар чыга баштаган.

Мындай шартта мамлекет өлкөдө жашаган көп улуттардын арасында диний коопсуздукту сактоо жана аны камсыз кылуу маселеси коомчулукта негизги орунга чыккан. 1996-жылы 14-ноябрда КРнын Президенти диний маселелер боюнча бир катар жарлыктарды чыгарган (диний уюмдарды, чет элдик диний миссияларды жана уюмдарды каттоо, диний окутуу ж.б.).

2014-ж. 3-ноябрда КРнын Коргоо кеңешинин жыйынында «Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын 2014-2020-жж. карата концепциясы» кабыл алынган. Анда диний негизде келип чыгуучу чыр-чатактардын алдын-алуу үчүн, төмөнкүдөй милдеттер коюлган:

- мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелерди кайрадан карап чыгуу;
- диндин радикалдашуусунун алдын алуу, коомдогу диний кырдаалды бекемдөө үчүн кошумча мыйзамдарды кабыл алуу жана түзөтүүлөрдү киргизүү;
- диний билим берүүнүн системасына өзгөчө көңүл буруу.

Жогоруда аталган концепция мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы кызыкчылыктарды чагылдырып, азыркы диний чөйрөдөгү терс көрүнүштөрдү жоюуга шарт түзөт.

**“Муфтияттын ишмердүүлүгү жана андагы реформалардын башталышы деп аталган”** үчүнчү параграфта Кыргызстандагы мусулмандардын диний башкармалыгынын ишмердүүлүгү иликтенет. Республикада мусулмандардын өз алдынча башкармалыгы түзүлгөнгө чейин (1990-1992-жж.) Казыят бул милдетти аткарып келген.

1993-ж. август айынын аягында Кыргызстан мусулмандарынын Курултайында республиканын Муфтияты түзүлүп, анын төрагалыгына (Муфтий) Кимсанбай Абдурахманов дайындалган [3.123]. Муфтият өзүнө өлкөнүн аймагындагы мусулман жамаатын, исламдык уюмдарды, окуу жайларды, мечиттерди ж.б. түзүмдөрдү бириктирген жана алардын ишмердүүлүктөрүн көзөмөлгө алган.

1996-ж. 26-декабрда 450 делегат катышкан Кыргызстан мусулмандарынын 1-курултайы болгон [3.87]. Анда муфтияттын эрежелери бекитилип, муфтий кызматына Абдусатар Мажитов шайланган жана 25 адамдан турган Уламалар Кеңеши түзүлгөн.

2003-ж.20-апрелинде Кыргызстан мусулмандарынын 2-курултайында Бишкек жана Ош шаарларын өзүнчө казыят кылуу жана ар жети жылда курултай өткөрүп туруу чечими кабыл алынган [3.123].

Азыркы күндө республика боюнча жети областтык жана эки шаардык казыят иш алып барууда. Казыяттар областардын аймагындагы мечит-медереселердин ж. б. ислам динине тиешелүү коомчулуктардын иш алып барuусуна көзөмөл жүргүзүшөт. Ар бир райондо казыятка баш ийген Имам Хатиб жана ар бир айылда мечит имамы эмгектенет.

Муфтият республикадагы мусулмандардын башын бириктирип, алардын түрдүү диний талаптарын канааттандыруу, диний кызматкерлерди даярдоо, диний жөрөлгөлөрдү аткаруу, эл аралык байланыш, ислам диний мекемелеринин курулушу жана ажылыкты уюштуруу ж.б. көптөгөн маселелерди чече баштаган.

Бүгүнкү күндө муфтият 1 миң 766 ислам уюмдарын, 9 казыятты, 1649 мечитти, 8 диний жогорку окуу жайларын (Бишкек шарында бирөө), 49 медресени, 47 корду, борборлорду жана бирикмелерди өзүнө бириктирет жана республиканын бардык аймактарында мечиттерди жана алардын ишмердигин көзөмөлдөп турат.

Республиканын мусулмандар башкармалыгы “Аракет”, “Жаштык”, “Жаңы муун”, “Билим бардыгы үчүн”, “Өнүгүүнүн комплекстүү негизи” сыяктуу мамлекеттик программаларды, социалдык мүнөздөгү – жакырчылыкты кыскартуу, жашоодогу жаман адаттардан арылуу, аялдар укуктары ж.б. долбоорлорду ишке ашырууга активдүү катышкан. Андан сырткары, социалдык көйгөйлүү маселелерди (балдардын жана энелердин өлүмүнө байланыштуу, балдар ооруларынын өсүшү, сойкулук, баңгичилик,

СПИД ж.б.) чечүүдө муфтият өкмөт жана БУУнун Өнүгүү программасы менен кызматташып келген [4.129].

1996-ж. 6-мартында КРнын өкмөтүнүн алдында Дин комиссиясынын түзүлүшү менен мамлекет дин чөйрөсүндө өз саясатын активдештирген [3.122]. Муфтият менен дин комиссиясы негизинен муфтийдин шайланышы, ажылыкты уюштуруу жана сырттан келген диний агымдарга каршы жана «диний экстремизм менен күрөшүү» маселелеринде кайчы пикирге ээ болуп келишкен.

2010–2012-жж. Чубак ажы Жалиловдун башкаруу учурунда муфтиятты реформалоо менен дин башкармалыгындагы «кризистик абалды» жоюуга аракеттер жасалган.

Облустардагы казылардын 70%ы билимдүү адистерге алмаштырылган. Мындан сырткары дин кызматкелеринин билим деңгээлин жогорулатуу максатында 2011-ж. мечиттердеги имамдардын квалификасиясын көтөрүү курсу өткөрүлүп, аттестациянын негизинде элүүдөн ашык имамдар кызматынан бошотулган [3.123].

Муфтиятты реформалоо, андагы терс көрүнүштөрдөн арылуу бир топ убакытты талап кылуучу жараян. Чубак ажы Жалиловдун мезгилинде жума хутбалардын мазмунуна да көңүл бурула баштаган. Натыйжада муфтияттын расмий көз карашын көпчүлүк элге жеткирип, экстремисттик агымдарга каршы иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Чубак ажынын эки жылдык башкаруусунда өлкөдөгү диний кызматкерлердин курамы бир топ жаңыртылган, бирок толук кадрдык саясат, муфтияттын жаңы эрежесин кабыл алуу ж.б. ишке ашпай калган.

Бул мезгилде ажылыкты өткөрүү иши мамлекеттик дин комиссиясынан муфтиятка өткөрүлүп берилген. Ажылыктан түшкөн каражат аркылуу муфтият өзүнүн финансылык көз карандысыздыгын бекемдөөгө аракет жасаган, бирок, ажылыкты уюштуруудан пайда көрүп жаткан диний кызматкерлер менен да күрөшүүгө туура келген.

Муфтий Максат ажы Токтомушев муфтиятты реформалоо ишин төрт багытта жүргүзгөн:

- Кыргызстандагы демократиялык шартка ылайык муфтияттын жаңы Эрежесинин долбоору иштелип чыккан (ал Кыргызстан мусулмандарынын 5-курултайында кабыл алынган);
- муфтияттын ишинде реформаларды жүргүзүү шарттары иштелип чыккан;
- Аалымдар Кеңешинин мүчөлүгү жөнүндө жана Эрежеде каралган жоболор иштелип чыккан;
- Ажылыкты уюштурууда коррупциялык схемаларды жоюу боюнча атайын жобо кабыл алынган [3.123].

Республикада акыркы мезгилде имамдардын билим деңгээлин жогорулатуу үчүн аттестациялоо жүргүзүлүп, имамдык курстар боюнча сабактар өткөрүлгөн. Диний медреселерге, университеттерге заманбап багыттагы сабактар киргизиле баштаган. Бул иш-аракеттердин бардыгы

жаштардын ар кандай экстремисттик, террористтик топтордун таасирине түшүп калбастыктары үчүн жасалган.

**III бап "Республикадагы ислам дининдеги жаңы багыттар"** деп аталып, ал эки параграфтан турат. **"Өлкөдөгү радикалдык кыймылдардын ишмердүүлүгүнүн маңызы"** деп аталган биринчи параграфта республикадагы радикалдуу кыймылдар иликтөөгө алынган.

Ислам фундаментализими жөнүндөгү идеялар Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин жайылтыла баштаган. Ваххабизм, "Хизб ут-Тахрир" партиясынын жактоочулары көбөйө баштаган.

Мусулман өлкөлөрүнөн келген дааватчылар ислам дининин баалуулуктарын таркатууга аракет жасашкан. Ал баалуулуктар менен катар ислам дининин радикалдык, экстремисттик, фундаменталисттик маанайдагы идеялары айрым бир уюмдар аркылуу таркатыла баштаган.

Окумуштуу О.Бибикованын [5.160] пикири боюнча ислам фундаментализми менен ваххабизм идеяларынын түпкү тамыры окшош. С. Абашиндин [5.140] пикиринде ваххабизм мусулман өлкөлөрүндө ислам фундаментализминин таркашына жана өнүгүшүнө түрткү болгон.

Ислам фундаментализминин жана экстремисттик идеяларынын таркашына Кыргызстанда баш аламан түрдө даават жүргүзүү процесси да себеп болгон. Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы диний экстремизмге каршы иш чараларын иштеп чыгууну туура көргөн. Алардын арасында эң маанилүүсү төмөнкүлөр:

1.Фундаменталисттик көз караштагы уюмдардын ишмердүүлүгүн иликтөө;

2.Исламдагы экстремисттик агымдар менен күрөшүүдө расмий дин кызматкерлери менен уламалар кеңешинин мүчөлөрүнүн, көрүнүктүү дин окумуштууларынын катышуусу зарыл;

3. "Хизб ут-Тахрир" окууларынын бетин ачкан китепчелерди, материалдарды бекер таркатуу;

4.Муфтият менен биргелешип, облус, шаарлардын казылары жана мечиттердин имамдары аркылуу мечиттерде жана мусулмандар арасында исламга жана мамлекетке каршы иштерди жүргүзүп жаткан экстремисттик, фундаменталисттик агымдарга каршы түшүндүрүү иштерин жүргүзүү ж. б. чараларды көрсөтүү [ 3.122].

ХТ диний-террористтик уюмунун бөлүмү Кыргызстанда 1980-жж. аяк ченинде пайда болуп, азыр активдүү иштеп жатат.

Мирсаитов И.Э. ХТ диний уюмунун тарыхын кылдаттык менен изилдеп, Кыргызстандын аймагында бул диний уюмдун ишмердүүлүгүн үч этапка бөлгөн:

1.Биринчи этап 1990-1995-жж. ислам динин таркатуучулар катарында Анжияндык жана Намангандык өзбектер аркылуу өзүнүн ишмердүүлүгүн партиянын катарын толуктап турушкан. Кыргызстанда өзбек исламисттери өздөрүн ээн-эркин сезишкен. Бөлөк жактан көчүп келгендер, жумушсуздар бул диний кыймылдын катарын толуктаган.

2.1995-1999-жж. И.Каримовдун өкмөтү бардык исламчыл уюмдарга, партияларга куугунтук уюштура баштаганда, алардын бир бөлүгү түштүк Кыргызстанга качып келген «тахрирчилердин» ишмердүүлүгү Кыргызстанда жана Тажикстанда күчөй баштаган. Кээ бир маалыматтарга караганда Россия жана Азербайжанда 15, Казакстанда 12, Тажикстанда 29, Өзбекстанда 19, Кыргызстанда болгону 4 эле экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Түштүк Кыргызстанда «Хизб ут-Тахрир» экстремисттик уюмуна кабыл алынгандар айылдык мечиттерде курандан экзамен бергенден кийин гана үйрөнчүк боло алат.

3.1999-жылдан бүгүнкү күнгө чейин ХТ диний уюмунун мүчөлөрү өз ишмердүүлүгүн РФнын аймагына чейин улантып жатат [5.195].

Жалал-Абад областында Хизб ут-Тахрирдин 1500гө жакын жактоочулары катталган. Аларга каршы 11 кылмыш иши козголгон. Базар-Коргон районунун Байтерек айылында 500гө жакын тахрирчилер жергиликтүү бийликке ачык каршылык көрсөтүшкөн [3.122].

Кээ бир иликтөөчүлөрдүн баамында Кыргызстанда ваххабизм азырынча өнүгүү баскычында турат. Ваххабизмдин Низамия, Ахмадия, Ашрафия деген үч агымы пайда болгон. Бул багыт боюнча мечит-медреселерде жашыруун окутулуп, адабияттар таркатылууда. Ваххабийлердин негизги максаты Борбордук Азиядагы мамлекеттик, конституциялык түзүлүштү өзгөртүү болуп саналат

Ваххабиттер таштарга сыйынуу, жылдыздар боюнча тагдырды жоромолдоо, тумарларды тагынуу, төлгөгө, боло турган окуяларды айтуу, туулган күнүн белгилөө, маарекелерди, тойлорду, аза күтүү аземдерин өткөрүү, кабырстанга эстеликтерди ж.б. куруу сыяктуу аракеттердин бардыгына катуу тыюу салышат [5.150].

Борбордук Азияда ваххабизм идеяларынын таратылышына калктын жашоо турмушунун деңгээлинин төмөндөшү, ички миграциянын күчөшү, көпчүлүк адамдардын кесиптик даярдыгын жоготушу, мамлекеттик идеологиянын жоктугу жакшы шарттарды түзгөн.

Кыргызстанда ваххабиттик идеяларды таратуучулардын басымдуу бөлүгү атайын диний даярдыктан өткөндүктөн, азыркы учурда айыл-кыштактарда билим деңгээли төмөн молдолордун ордун басууга аракет жасашууда. Кыргызстанда ар кандай мусулман жамааттары ваххабиттик идеяны таратуунун легалдуу эмес жолу болуп эсептелет.

**"Даават кыймылынын исламды жайылтуудагы орду"** деп аталган экинчи параграфта 1996-ж.11-февралында Кыргызстан мусулмандарынын Азрети муфтий Абдусатар ажы Мажитовдун демилгеси [3.123] муфтияттын алдында Даават бөлүмү түзүлгөн. Даават (үгүт-насаат) бөлүмүнүн жобосу, замандын талабына ылайык, бир канча жолу оңдолуп акыркы жолу 2011-ж. 13-сентябрында бекитилген. 2013-ж. 15-майында Кыргызстан Мусулмандарынын Уламалар Кеңешинин жыйынында Даават үгүт-насаат концепциясы бекитилген. Бул концепция даават ишин жакшыртуу үчүн

Азрети муфтий Рахматулла ажы Эгембердиевдин демилгеси менен жазылган [3.123].

Азрети муфтий Максатбек ажы Токтомушев даават үгүт-насаат ишин бир топ алдыга жылдырды. Албетте, бүгүнкү күндө дааваттын Кыргызстандагы ислам дининин өнүгүшүнө кошкон салымы чоң. Дааватчылардын арасында ислам динин терең өздөштүргөн аалым молдолор да бар. Изилдөөлөр көрсөткөндөй даават өнүккөн жерлерде башка агымдарга, мисалы, Хизбут тахрир ж.б. тартылгандар аз санда болуп жатат. Дааваттын натыйжасында социалдык терс көрүнүштөр (ичкилик ичүү, кылмыш кылуу) кескин азайгандыгы байкалган.

Дааватчылардын илим деңгээлин көтөрүү боюнча, даават бөлүмүнүн кыска мөөнөттүк курстары Бишкек шаарынын борбордук мечитинде, Ош, Жалал-Абад жана Чүй областтарында ачылган. Жалпысынан 2010-2015-жж. ичинде 1019 дааватчы окуп сертификат алышкан [5.122].

Кыргызстанда даават кыймылы 1990-жж. кийин жайылтыла баштаган. Алгач диний үгүт-насаат иштери өлкөнүн түндүгүндө ишке ашкан [5.205]. Акырындык менен кыймыл республиканын бардык аймактарына тарап, жигердүү иш жүргүзө баштаган.

Аталган кыймылдын башкы максаты исламды калктын калың катмарына жеткирүү болуп эсептелген. Эгер кыймыл алгач Индиядагы мусулмандардын арасында гана иш жүргүзсө, бүгүнкү күндө дүйнөнүн 150 мамлекетинде, анын ичинде христиан өлкөлөрүндө да иш алып барат. Кыймылдын мыкты адистерин даярдаган негизги борборлору Пакистан, Индия жана Бангладеште жайгашкан.

“Таблиги жамаат” кыймылынын ишмердиги ал жаралган күндөн тартып, саясатка жана коомдук турмушка аралашпастан динди жайылтуу, аны менен инсандын аң-сезимин өстүрүү жана анын жан дүйнөсүн тазартууга багытталган. Дааватчылардын үгүт иштери бирдей шартта иш алып баргандыгы, коомдогу жат көрүнүштөргө ичкиликке, баңгиликке, кумарпоздукка каршы турушу алардын таасиринин өсүшүнө алып келген.

Борбордук Азия өлкөлөрүндө жана Россияда ж.б. коңшу мамлекеттерде “Таблиги жамаат” экстремисттик уюм деп таанылып, расмий түрдө анын ишине тыюу салынган. Бирок ал жакшы натыйжаларды бербей келет.

Убакыттын өтүшү менен “Таблиги жамаат” республикадагы эң көп сандагы жергиликтүү жана чет элдик мусулмандардын уюму болуп калган. Дааватчылар иштеп жаткан бир дагы өлкөдө, уюм расмий каттоодон өткөн эмес. “Таблиги жамаат” кыймылында так уюштуруучу түзүмдөрү жок, анын өкүлдөрү ММК менен болгон байланыштан баш тартышат.

Серепчилердин маалыматы боюнча республикада 2000 дааватчылар, 50дөн ашык кудама (араб тилинен которгондо - активисттер) бар. Кудама макамы 40 күндөн 4 айга чейин дааватка чыкканда берилет. Ислам дининдегилерди жана алардын жигердүү иш алып барган өкүлдөрүн 6 топко бөлсө болот: 1.“Аль-Азхар” (Египет) университетинин бүтүрүүчүлөрү;

2.Пакистандан билим алып келгендер; 3.Эч бир топко кирбеген өзүнчө имамдардын жана кадыр-барктуу диний өкүлдөрдүн артынан ээрчигендер; 4.“Аль-Буха” (Бухара) медресесинин бүтүрүүчүлөрү; 5.Совет мезгилинде теологиялык билим алгандар, алар мусулман жамаатынын “садиттик үлгүсү” болушат; 6. Өлкөдөгү жалгыз түрк диний фондусу “Вакф Дианети” колдогон теологиялык факультеттин бүтүрүүчүлөрү (“түрк үлгүсү”) [1.63].

Алгач дааватчылардын иш аракеттерине анча маани берилбей келсе, азыркы учурда өлкөдөгү жана дүйнөлүк диний кырдаалдын өзгөрүшү менен аларга болгон мамиле өзгөрө баштады. Республикада кыймылдын ишмердигине тыюу салуу маселеси да көтөрүлгөн. К.Маликовдун пикиринде даават коомго жана үй бүлөгө оң таасир берет, айрыкча, ичкиликтен, баңгиликтен жарандарды кутултууда чоң күч болуп саналат. Бул кыймылга тыюу салуу белгилүү кээ бир коркунучтардын пайда болушуна жана анын жашыруун иш жүргүзүүсүнө алып келет [5.187].

Ошондой эле улут аралык мамилелерге да оң таасир тийгизген. Бул үч баскычта өткөн: 1.Дааватка чыккан жамаат ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн түзүлгөн; 2.Дааватчылар ар кандай улуттар жашаган жерлерди кыдырышкан; 3. Жамааттар ар кайсы улуттун өкүлдөрүнөн тургандыгына карабастан, өз мечиттеринин диний иштерине жигердүү катышкан. 2010-жылы түштүктөгү коогаланда 50дөй дааватчы элди тынчтыкка чакырууда чоң иш аракеттерди жасашкан [3.122].

Кыргызстанда акыркы убакта мастурат-жамаат деп аталган аялдардан турган топтор түзүлгөн. Алардын дааватчылык ишмердиги эркек таблигчилердин үгүт иштеринен түп тамырынан бери айырмаланат. Эгерде эркектер мечиттерде түнөшүп, эл кыдырып даават кылса, аялдар жамааты ошол мечиттердеги активисттердин үйлөрүндө болушуп, ошол барган аймактагы шариат менен жашаган аялдарды же ага ниеттенген аялдарды чогултуп үйдө даават жасалат. Мында негизги маселе аялдардын шариат боюнча жашоосу, күйөөлөрүнө кандай мамиле кылуусу, өз балдарын кандай тарбиялоо керек, коомдо өздөрүн алып жүрүү ж.б. маселелер боюнча маалымат алышат.

Таблигчилер өз катарын толуктоодо бир гана ыкманы колдонушат, ал элге чыгып, элди динге тартуу, дааватка чакыруу. 2010-ж. апрель окуялары “Таблиги жамаат” кыймылынын ишмердигине таасир этип, анын Кыргызстандагы ыкчамдуулугу кыйла басаңдаган.

Даават кыймылынын мусулмандар арасындагы таасиринин күчтүүлүгү, анын калктын социалдык абалына, жынысына, жаш өзгөчөлүгүнө, диний билимине карабай баарына түшүнүктүүлүгү, жеңилдиги жана ыңгайлуулугу болуп эсептелет [1.63]. Республиканын дин башкармалыгынын маалыматы боюнча 2011-ж. дааватка бүт республика боюнча 6270 киши, ал эми 2012-ж. 9313 киши чыккан [3.122]. 2013-ж. салыштырмалуу так маалымат Бишкек шаары боюнча гана болгон. Эгерде 2012-ж. майында борбор калаадан аймактарга, дааватка 243 киши чыкса, 2013-ж. майына карата алардын саны

1325 ке жеткен [3.123]. Ошентип, акыркы үч жылда бул кыймылга киргендердин санынын өскөнү көрүнүп турат.

Аталган кыймылдын ишмердүүлүгүнүн терс жагы калктын динге ишенбеген бөлүгү менен тирешүүсү, ишенимдердин ар түрдүүлүгүнөн улам айрым үй бүлөлөрдүн бузулушу, сырткы келбетинин тыкан эместиги, пакистандык кийимдерди кийип алышы, айрым дааватчылардын үй бүлөлүк жана коомдук милдеттерин аткарбай дааватка чыгып кетүүсү, кыздарга хижаб кийүүгө мектептерде уруксат суроосу жана кыз балдарды эркек балдардан бөлүп окутууну талап кылуусунда турат. Ал эми, анын оң жагы коомдук адеп-ахлактын оңолушуна, үй-бүлөлүк, улут аралык мамилелерге болгон таасирин айтса болот. Кыймылдын өкүлдөрүнүн пикиринде алар сырткы күчтөр тарабынан каржыланбагандыктан, өлкөнүн коопсуздугуна ачык коркунуч келтирбейт [1.63].

Республиканын калкы аз убакыттын ичинде эле жалпы ислам дөөлөттөрүнө кайрылып, шариат менен жуурулушуп жашоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Айрыкча коомдо диний башка секталардын тез жайылтылып жана алардын батыш баалуулуктарын коомго таңуулап жатканын эске алсак, даават иштери зор ийгиликтерге жетти. Жогоруда айтылгандай шариат менен жашоо аркылуу коомдогу терс көрүнүштөр, айрыкча баңгичилик, аракечтик ж.б. жоюула баштаган [4.129]. Бул өз кезегинде республикадагы бир катар эң маанилүү социалдык маселелерди чечүүгө жол ачып, элдин зирек жашоосуна мүмкүндүк түзөт.

Кыргызстандагы ислам динин өнүгүшүнүн бир өзгөчөлүгү ушул **“Йакын инкар” “Таблиги жаамат” диний кыймылынан бөлүнүп чыккан жаңы диний кыймыл** болуп эсептелет [3.123]. “Йакын инкар” аталышы араб тилинен которгондо “Алладан башакасынын баарын тануу” дегенди түшүндүрөт. Анын жактоочулары Мухаммед а.с.а. убагындагыдай жашоону үгүттөп, өздөрү да ошого аракет кылышкан. Бул кыймылдын өкүлдөрүнүн сырткы келбети биздин жашоого, менталитетке такыр коошпойт. Алардын цивилизациянын жетишкендиктеринен толук баш тартышы талашка түшкөн маселелердин бири.

Алар өз ишенимдери менен коомдо терс абалды жаратып, жашоосундагы моралдык-психологиялык жана турмуш тиричилигиндеги көйгөйлүү маселелерди чечүүдө алсыздыгын көрсөтүп, исламды жамынуу менен “жатып ичерлердин” жаңы армиясын түзүшүүдө деген ойдобуз. Алар коомго такыр зыян келтирбейт деген ой-пикирлер ынандырбайт. Так ушул социалдык оор кырдаалды радикалдык диний уюмдар өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланып кетпейт деп эч ким кепилдик бералбайт. Алардын ишмердигин деструктивдүү мүнөздө деп да баалоого болот. Мамлекет муфтият менен биргеликте чукул арада бул кыймылдын ишмердүүлүгүн иретке келтирүүсү зарыл.

**Корутунду.** СССРдин жоюлушу менен постсоветтик мейкиндикте жаңы мамлекеттер пайда болду. Мурдагы коммунисттик идеологиядан баш тартуу диндин коомдогу таасиринин күчөшүнө алып келген.

Борбордук Азиянын мамлекеттери эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында түрк элдеринин жалпы мурастарын, тилдик жана маданий жалпылыктарын сактап калууга басым жасашкан. Алар Түркиянын пантүрктүк идеянын негизинде Улуу Туран бirimдигин түзүү чакырыгын четке кагып прагматикалык саясатты, баарыдан мурда, экономикалык өнүгүүгө басым жасашкан.

XX к. акыркы чейрегинде Борбордук Азия мамлекеттеринде кыска убакыттын ичинде ислам дини кайрадан жанданып, өнүгүүгө ээ болду. Бирок бул процесс аймактын ар кайсы өлкөлөрүндө түрдүүчө ишке ашты.

Кыргызстандын көз карандысыздыгынын алгачкы мезгилинде саясий, экономикалык, маданий проблемаларды чечүү негизги орунда турган. Мындай кырдаалда батыштын өнүгүү моделдери менен катар алардын маданий, диний өзгөчөлүктөрү да таңуулана баштаган.

Республикадагы ислам динин изилдөөдө биз аны аймактын Россия империясынын курамына кирген убакытка чейин, советтик жана постсоветтик мезгилдерге бөлүп кароoбуз зарыл. Анткени түрдүү тарыхый кырдаалдарда ислам дини коомдук өнүгүүгө өз таасирин тийгизип келген.

Азыркы учурдагы республикадагы ислам дининин өнүгүшү бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени мурдагы партиялык кысым жоюлуп, дин эркиндиги берилип, исламдын толук кандуу таралышына ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө.

Бирок бир эле мезгилде ислам дини менен катар башка агымдар, радикалдуу кыймылдардын ишмердүүлүктөрү жанданып, коомдо терс көрүнүштөрдү жаратып, өлкөнүн коопсуздугуна коркунуч туудура баштаган.

Эгемендүүлүк мезгилинде Кыргызстанда ислам дини бир катар өнүгүү баскычтарынан өттү. Алгач диний маселелерди жөнгө салуу боюнча мыйзамдар кабыл алынган, бул болсо өз кезегинде диний башкаруу мекемелеринин түзүлүшүнө мүмкүндүк берген. Эгерде алгач республиканын казыяты Ташкенттеги муфтиятка баш ийген болсо эми ал өз алдынча түзүмгө айлана баштады. Муфтият менен катар жер-жерлерде ага баш ийген бөлүмдөрү ачылган. Андан сырткары ислам дини даават жолу аркылуу жайылтылып, араб тилиндеги бир катар илимий эмгектер кыргыз тилине которулган жана массалык маалымат каражаттары аркылуу атайын берүүлөр уюштурула баштаган.

Жалпысынан алганда республикадагы ислам дининин өнүгүшүндө чет мамлекеттер, уюмдар чоң роль ойногон. Анткени өлкөдөгү бир катар диний окуу жайлардын, медресе, мечиттердин курулушуна жана толук кандуу иш алып баруусуна, андан сырткары ажылык иштерин уюштурууда алар ири финасылык жардамдарды көрсөтүшкөн.

**Жыйынтыктар:**

- совет мезгилинде ислам дини коммунисттик катуу идеологияга карабай өз таасирин коомчулукта сактап кала алган;
- постсоветтик мезгилде Борбордук Азияда ислам дининин өнүгүүсү тигил же бул мамлекеттин саясий түзүлүшү, катаал жүргүзгөн саясаты менен байланыштуу болду;
- Кыргызстанда ислам дининин өнүгүшүнө коомдогу саясий жана социалдык өзгөрүүлөр түздөн-түз таасир тийгизди. Демократиянын жышааны менен ислам баалуулуктары да элге кайтып келе баштады;
- бул мезгилде өлкөдө өз алдынча исламий башкармалык түзүлдү жана анын коомчулуктагы таасири өстү. Калктын диний аң-сезимин өстүрүүдө ислам ишмерлери белгилүү бир деңгээлде өз салымдарын кошушту;
- республикада радикалдуу исламдын таасири күчтүү болгон жок. Анткени башка коңшу республикадардан айырмаланып диний кырдаалга туура баа берүү, дасыккан илимдүү диний ишмерлердин аракеттери жана мамлекеттин диний эркиндик саясаты жогоруда аталгандарга олуттуу таасир тийгизди;
- даават кыймылынын республикада ислам дининин жайылтылышында ролу зор. Даават иштеринин натыйжасында көптөгөн мусулмандар шариат негиздерин өздөштүрүп, диний аң-сезимдерин өркүндөтүшкөн. Бул процесс өлкөдөгү курч социалдык проблемалардын чечилишине дагы өбөлгө түздү;
- азыркы күндө диний эркиндикке жамынып алып өлкөдө түрдүү секталардын, деструктивдүү диний топтордун жүргүзүп жаткан диний ишмердүүлүгүнө бөгөт коюу негизги курч маселе болуп саналат;
- ислам дини аркылуу кыргыз эли дүйнөлүк ислам цивилизациясына кошулууга жана исламий баалуулуктарды өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алган. Ал өз кезегинде элдин тарыхынын жана маданиятынын өнүгүшүн шарттаган;
- глобалдашуу жараянынын натыйжасында көптөгөн элдердин өз өзгөчөлүктөрү жана баалуулуктары жоголуп бара жатат. Бирок бул процесстин натыйжасында ислам дини кайрадан жаңылануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууда. Илимий-техникалык жетишкендиктер дүйнөнүн булуң бурчундагы түрдүү элдер менен баарлашууга, исламий баалуулуктарды өздөштүрүүгө жана түзүлгөн кырдаалды туура баамдоого шарттарды түзүүдө. Келечек муундарын ар тараптуу илимий-билимге ээ кылуу аркылуу гана элге сырттан таңууланып жаткан жат көрүнүштөрдөн арылууга болот;
- ислам дини Борбордук Азияда туруктуулукту сактоодо, республикалардын интеграция процессинде маанилүү роль ойнойт. Анткени ислам дининде элдерди бириктирүү, туура динде жашоо жана коомду нравалык жактан тазартуу эң чоң мааниге ээ.

**Жогоруда айтылгандардан улам төмөндөгүдөй практикалык сунуштар берилет:**

- эгемендүүлүк жылдарындагы тажрыйба көрсөткөндөй диний исламий окуу жайларында негизги предметтер менен катар атайын кесипти үйрөнүү максатында өзгөчө сабактарды киргизүү зарыл. Анткени диний жана жарандык илим-билим шайкеш келгенде гана өнүгүү болот. Диний окуу

жайлардын көпчүлүк бүтүрүүчүлөрү жумушсуз калууда. Бул маселе өз кезегинде ири социалдык проблемаларды жаратууда;

- азыркы учурда жер-жерлердеги сабатсыз молдолорду билимдүү жаштар менен алмаштыруу маселеси келип чыкты. Билимсиз молдолордун өз кызматтарынан кетүүдөн баш тартуусу жергиликтүү жамааттардын бөлүнүп жарылуусуна шарт түзүүдө;
- даават иштерин алып барууну толук бир системага салуу зарыл. Дааватка чыгып жаткан ар бир жамаатка ислам окуу жайларын бүтүргөн адистерди кошо чыгаруу керек. Бул болсо өз кезегинде кыска убакыт аралыгында дааватчылардын ислам дини боюнча терең билим алуусуна жана аны иш жүзүндө пайдалануусуна ыңгайлуу шарттарды түзмөк;
- бүгүнкү күндө республикада ислам дини бир топ иликтенүүдө. Кээ бир окуу жайларда атайын борборлор ачылган. Бирок биздин шартта исламды ар тараптуу изилдөө (ислам өлкөлөрүнүн тарыхын, маданиятын, экономикасын, андан сырткары Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда исламдын таралышы, өнүгүшү, азыркы учурдагы абалы) үчүн КРнын УИАнын алкагында Ислам таануу институтун, же жок дегенде Тарых Институтунун негизинде Ислам таануу бөлүмүн ачуу зарыл. Анткени бул багытка араб, перс ж.б. чыгыш тилдерин эң мыкты өздөштүргөн адистерди, тарыхчыларды тартып бир катар фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү керек.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**


1.Алимова К.Т. “Кыргыз элинин турмушундагы алгачкы диний ишенимдер.”[Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ, Т.III, Бишкек, 2006, С. 358-363;

2. Алимова К.Т. “Эгемендүүлүк менен жаралган диний кайра жаралуулар.” [Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ, № 10, Бишкек, 2006, С.322-326, С.327-331;

3. Алимова К.Т. “Улуу –Жибек жолундагы диний ишенимдер.” [Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ, № 10, Бишкек, 2006;

4. Алимова К.Т. “Кыргызстанда исламдын жанданышы эмнеге алып келиши мүмкүн?” [Текст] / К.Т. Алимова // Вестник МУК, Бишкек, 2007, С.68-71;

5. Алимова К.Т. Ислам улуттук идеологиянын уңгусу боло алабы? [Текст] / К.Т. Алимова // Вестник КНУ, Бишкек, 2009.

6. Алимова К.Т. “Кыргыз элиндеги ислам диний салттары жана майрамдары” [Текст] / К.Т. Алимова // Известия вузовКыргызстана, Бишкек, 2016, № 3, С.74-76;

7.Алимова К.Т. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик дин саясаты [Текст] / К.Т. Алимова // Вестник КНУ, Бишкек 2016, 3 (87) С.132-144;

8.Алимова К.Т. “Кыргызстанда “Таблиги жамаат” кыймылынын тарыхы”[Текст] / К.Т. Алимова // Вестник КНУ, Бишкек, 2016, С.341-350;

9.Алимова К.Т. “Хизб ут-Тахрир аль-Исламийя”-саясий партиясынын Кыргызстандагы экстремисттик ишмердүүлүгү” [Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ, Бишкек, 2016, №38, С.191-196;

10. Алимова К.Т. “Кыргызстандагы “Ваххабиттик” диний уюмдун ишмердүүлүгү” [Текст] / К.Т. Алимова // Вестник КРСУ, Бишкек 2016, № 6, С.121-123;

11. Алимова К.Т. “Эгемендүү Кыргызстанда ислам дининин өнүгүшү” [Текст] / К.Т. Алимова // Вестник КРСУ, Бишкек 2016, № 6, С.117-120;

12. Алимова К.Т. “Ислам в Ценральной Азии.” [Текст] / К.Т. Алимова // Актуальные вопросы общественных наук: социология, политология, философия, история Сибак, Новосибирск, 2016, № 1 (53), С.5-12;

13. Алимова К.Т. “Религиозный экстремизм в Кыргызстане в переходный период.” [Текст] / К.Т. Алимова // Актуальные вопросы общественных наук: социология, политология, философия, история Сибак, Новосибирск, 2016, № 1(53), С.12-18;

14. Алимова К.Т. Кыргыз элине ислам дини менен катар анын баалуулуктарынын таралышы [Текст] / К.Т. Алимова // Известия вузов Кыргызстана, Бишкек, 2016, № 3, С.97-99;

15. Алимова К.Т. Кыргызстанда конфессиялардын таралышы[Текст] / К.Т. Алимова Вестник КГУ Бишкек, 2005, С.96-99;

16. Алимова К.Т. Сан Мен Мундун диний империясы [Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ Бишкек, 2008, № 13, С.245-249;

17. Алимова К.Т. Христиан багытындагы диний конфессиялардын ишмердиги [Текст] / К.Т. Алимова // Известия КГТУ Б.- 2007. № 11, С.193-197;

18. Деятельность православной церкви в Кыргызстане в условиях независимости [Текст] / К.Т. Алимова Отан тарыхы Алма-Ата: 2010. № 3 (51), С.94-97;

Алимова Клара Тойгонбаевнанын “**Эгемендүү Кыргызстандагы ислам дининин өнүгүшү жана өзгөчөлүктөрү (1991-2014-жж.)**” 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** ислам, мазхаб, суфилик, фундаментализм, экстремизм, даават, радикализм.

**Изилдөөнүн максаты -** эгемендүүлүктүн шартындагы Кыргызстанда ислам дининин өнүгүү өзгөчөлүктөрүн ачып берүү.

**Изилдөөнүн объектиси** Кыргызстандын жаңы шартындагы исламдын өнүгүшү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** республикадагы исламдын кайра калыбына келүү процесстери жана көйгөйлүү маселелери.

Тарыхый процесстерди анализдөөдө колдонулган, заманбап тарых илиминдеги ыкмалардын жыйындысы бул **диссертациянын теориялык-методологиялык негизин** түзөт. Изилдөөнүн негизги ыкмасы тарыхый-салыштырмалуулук анализ, Кыргызстандагы исламдын өнүгүү этаптарын жана анын негизги тенденцияларын аныктоодо салыштырып, окуп үйрөнүүдө негиз болду. Автор өз эмгегинде объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптерин жетекчиликке алууга аракет жасалды.

**Эмгектин жаңылыгы:** бүгүнкү күндөгү кыргыз коомунун өнүгүүсүндөгү исламдын ролун жана ордун ачып берип, аны окуп үйрөнүүдө бүтүн, комплекстүү мамиле жасалгандыгы.

Диссертацияда өлкөдөгү диний кайра жаралуунун натыйжасында пайда болгон агымдар, ислам дининин өнүгүшү, анын коомдук турмушка тийгизген таасири каралып, алардын маңызы ачып көрсөтүлдү жана диний багыттагы чыңалууну жөнгө салууда сунуштар берилди.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Илимий эмгектеги материалдарды жана анын жыйынтыктарын окуу процесстеринде, тарых, саясат, дин таануу ж.б. предметтер боюнча илимий эмгектерди жаратууда, окуу-усулдук куралдарын иштеп чыгууда пайдаланса болот. Андан сырткары, Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылаштырылган эмгектерди жазууда, атайын курстарды окууда колдонууга болот. Андагы илимий сунуштарды республиканын дин иштери боюнча мамлекеттик мекемелер, адистер пайдалана алат.

# РЕЗЮМЕ

Диссертации Алимовой Клары Тойгонбаевны на тему: **“Развитие ислама и его особенностей в суверенном Кыргызстане (1994-2014 гг.)”** представленной на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история.

**Ключевые слова:** ислам, мазхаб, суфизм, фундаментализм, экстремизм, даават, радикализм.

**Цель исследования** – раскрыть особенности развития ислама в суверенном Кыргызстане.

**Объект исследования** – развитие ислама в Кыргызстане в новых условиях.

**Предмет исследования** – возрождение ислама в республике и его проблемные вопросы.

**Теоретико-методологической основой** настоящей диссертации является совокупность методов современной исторической науки, которые используются при проведении анализа исторических процессов. Основной метод исследования – исторически-сопоставительный анализ стал основой сопоставления и изучения этапов и основных тенденций развития ислама в Кыргызстане. В ходе исследования применялся принцип объективности и историзма.

**Новизна исследования** заключается в том, что в диссертационной работе сделана попытка комплексно раскрыть роль и место ислама в развитии современного кыргызского общества. Исследованы некоторые аспекты развития ислама в годы независимости.

В диссертации рассмотрены течения, появившиеся в результате религиозного возрождения в стране, особенности развития исламской религии и ее влияние на общественную жизнь, а также предлагаются рекомендации по урегулированию религиозного напряжения в обществе.

**Практическая значимость исследования.** Материалы и результаты научного исследования можно использовать в учебном процессе, при написании обобщающих трудов по истории, политологии и религиоведению, при разработке учебно-методических пособий. Научные результаты исследования предлагается использовать в деятельности государственных учреждений по делам религии.

## SUMMARY


The thesis of Alimova Klara Toigonbayevna on the topic: **The development of Islam and its features in sovereign Kyrgyzstan (1991-2014)** for the academic degree of candidate of historical sciences on specialty 07.00.02 - Domestic history

**Key words:** Islam, madhhab, Sufism, fundamentalism, extremism, daavat, radicalism.

**The aimof the research** is to reveal the scientific and practical aspects of the restoration and development of Islam in Kyrgyzstan today.

**The object of the research** is the development of Islam in the new conditions of Kyrgyzstan.

**The subject of the study** is a study of the revival of Islam in the republic and its problematic issues.

The totality of methods of modern historical science, which are used in the analysis of historical processes, have become **thetheoretical and methodological basis** of this dissertation. The main method of research - historical comparative analysis - became the basis for comparison and study in determining the stages and main trends in the development of Islam in Kyrgyzstan. The study tried to be guided by the principle of objectivity and historicism.

**Novelty of the research:** In the dissertation work, they tried to reveal the role and place of Islam in the development of modern Kyrgyz society, and in general to study it in a complex way.

Some aspects of the development of Islam in the years of independence were studied. Also, the peculiarities of relations between the state and Islam in pre-Soviet, in the Soviet and post-Soviet times are considered, and the state's attitude to the role of Islam in different stages of the development of society is described.

The thesis examines the trends that emerged as a result of the religious revival in the country, the specific features of the development of the Islamic religion, its influence on public life, as well as suggestions for regulating tensions in the religious direction.

**Practical significance of the study.** Materials, scientific work, and research results are recommended to be used in educational processes, when writing scientific works on history, politics and religious studies, while developing educational materials. And it is also recommended to use it when writing generalized works on the history of Kyrgyzstan, when conducting special courses. Scientific results are proposed to be used in the activities of state institutions for religious affairs.